FRIEDRICH EBERT STIFTUNG

ГЦ г. Каракол

Организации Объединенных Наций Кампания Генерального секретаря СООБЩА ПОКОНЧИМ С НАСИЛИЕМ В ОТНОШЕНИИ ЖЕНЩИН

# БАРДЫГЫБЫЗ БИРИГИП, ЗОМБУЛУККА КАРШЫБЫЗ!

Зордук-зомбулуктан жапа чеккендерге колдонмо

# БАРДЫГЫБЫЗ БИРИГИП, ЗОМБУЛУККА КАРШЫБЫЗ!

Зордук-зомбулуктан жапа чеккендерге колдонмо

Бишкек - 2017

УДК 316.3/.4
ББК 60.55
В59

Бул колдонмо ар бир адамдын аброюн жана намызын тепселегенге эч кимдин укугу жок экендигин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү Ысык-Көл аялдар бирикмелеринин Ассоциациясынын кызматкерлер тобу тарабынан даярдалды. Аларга дайыма жардам берүү үчүн биз барбыз.

Авторлор – А.Ж. Намазова, У.Д. Мусаева, Д.Б. Турдумамбетова (Ысык-Көл аялдар бирикмесинин тобу).

С.С. Кульматовго жана С. Байкашкаевге брошюраны түзүүгө жардам бергендиги үчүн ыраазычылык билдиребиз.

**В59 Бардыгыбыз биригип, зомбулукка каршыбыз! Зордук-зомбулуктан жапа чеккендерге колдонмо - Б. 2017, 28 бет.**

ISBN 978-9967-11-638-2

FRIEDRICH EBERT STIFTUNG

Бул басылма Кыргыз Республикасындагы Фридрих Эберт атындагы Фонддун финансылык колдоосу менен даярдалган.

Фридрих Эберт атындагы Фонд аталган басылмадагы авторлордун ой-пикирлерине жана айтылган баалоолоруна жоопкерчилик албайт.

Басылма сатылууга чектелген эмес, акысыз таратылат.

В0302030000-17
ISBN 978-9967-11-638-2

УДК 316.3/.4
ББК 60.55

© Ысык-Көл аялдар бирикмелеринин Ассоциациясы
© Каракол шаарынын Гендерлик борбору
© Кыргыз Республикасындагы Фридрих Эберт атындагы Фонддун өкүлдүгү

## МАЗМУНУ

Киришүү........................................................................................................4

1. Мен никеде бактылуу болгум келет.................................................................7

2. Эгерде сизди ала качып кетсе..........................................................................10

3. Эгерде сизди күйөөгө абдан эрте берсе..........................................................12

4. Эгерде үй-бүлөдө сизди сабаса, кемсинтсе....................................................14

5. Эгерде сиздин үй-бүлөдө балдарды сабаса....................................................18

6. Эгерде сиз ажырашууну чечсеңиз...................................................................20

7. Сизди эмне коргоп калат билесизби? (Сизди коргоп калуучу мыйзамдар)......................................................................................................21

8. Сизди ким коргоп калат? (Зордук-зомбулукка дуушар болгон кардарларга жардам көрсөткөн мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын дареги)..........................................................................................................24

Жыйынтык.......................................................................................................26

Кыскартуулардын тизмеси: ............................................................................27

# КИРИШҮҮ

Илгертеден калыптанып келген кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүгү, коомдогу аял затынын ээлеген ордунун кесепетинен азыркы учурда аялдар өзүнүн конституционалдык укугун жана эркиндигин жүзөгө ашырууда алардын мүмкүнчүлүктөрү эркектердикине салыштырмалуу азыраак.

Жыныс теңдиги боюнча көйгөйлөрдү юридикалык жактан чечүү менен катар коомдогу аял затынын орду жөнүндөгү элдин аң сезимин өзгөртүү боюнча күнүгө эбегейсиз чоң иш жүргүзүлүшү абзел.

Иликтөөлөр боюнча, үй оокаты менен алектенген аялдардын эмгеги ИДП (ички дүң продукт) нун 40% же андан көп пайызын түзөт. Бул көрүнүшкө эч ким маани бербейт.

Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук Кыгызстандын бардык аймактарында таралган. Мындай гендердик зомбулуктан аял заты өзүнүн социалдык абалына жана этникалык катмарына карабастан запкы тартып келишет.

Каракол шаардык ички иштер бөлүмүнүн маалыматына таянсак 2016-жылы болгону 137 аял кайтаруу ордерлерин алышкан. Бирок, мындай окуялардын көмүскөлүүлүгүнө жана көйгөйлөргө масштабдуу түрдө баа берүү мүмкүн эмес. Аялдардын көпчүлүгү үй-бүлөдө башынан өткөргөн зордук-зомбулук тууралу эч кимге айтышпайт жана милицияга же прокуратурага кайрылышпайт.

Айрымдары өзүлөрүнүн зордук-зомбулуксуз турмушу жөнүндө билишпейт, ал эми башкалары өзүлөрүн кордогондорду сотко берген күнү да аларды жергиликтүү бийлик сактап каларына күмөндөр. Үй-бүлөдөгү аял затына карата болгон зордук-зомбулук бул аялдардын укугун бузуу болуп эсептелинет. Аял заты үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан эркектерге караганда көбүрөөк запкы тартат. Баш паанектин жоктугу, соттук токтомдордун тоскоолдук кылуусунун жана юридикалык жактан жардамдардын тартыштыгынын айынан зордук зомбулук көрсөткөн эркектер менен көп жылдар бою жашаган аялдар аларды сотко бере алышпайт анткени соттун чечимин күтүү алардын убактысын алат жана абдан түйшүктүү иш. Ошондуктан аялдар көпчүлүк учурда өзүлөрүнүн арыздарын кайтарып алууга мажбур болушат.

Коомдо үй-бүлөлүк зордук-зомбулукту физикалык зомбулук же бирөөгө кол көтөрүү деп түшүнүшөт. Бирок, үй-бүлөлүк зомбулуктун башка дагы түрлөрү бар, алар: улуттун салт-санаасына байланышкан сексуалдык зомбулук, психологиялык, диний жана экономикалык.

**Физикалык жана сексуалдык зомбулукту далилдеп, көрсөтсө болот жана алар кылмыш тете. Ал эми, каада-салт, диний, экономикалык жана психологиялык жактан зомбулуктун жүзүн ачууга мүмкүн эмес. Бир эле убакытта зомбулуктун бардык түрүн колдонгон адамдар да бар экендиги да маалым.**

Кыргызстанда зомбулуктун түрлөрүнөн жабыркаган эркектер да бар экендигин билдирип кетсек болот. Аялдар көпчүлүк учурда эмоционалдык жана психологиялык зомбулукка дуушар болушат. Мисалга алсак, жубайы үй-бүлөгө кеткен чыгымдарды эсептеп, күйөөсүнүн акча аз таап жаткандыгын байма-бай эскертип, кемсинтет. Аялдар өз балдарына карата физикалык агрессор да болушу мүмкүн. Үй-бүлөдө бийликтин иерархиясы пайда болуп, эркек өзүн күчтүү сезип, жубайына үстөмдүк кылса, жубайы өз ачуусун балдарынан чыгарат.

Үй-бүлөлүк зомбулук жетишпеген үй-бүлөлөрдө гана болот, ал эми жакшы жашаган үй-бүлөлөрдөгү жубайларда мындай көйгөй болбойт деген ой пикирлер бар. Бирок, мындай пикир туура эмес. Россия Федерациясынын Москва мамлекеттик университетинин аялдар кеңеши тарабынан өткөрүлгөн иликтөөлөрдүн маалыматы боюнча үй-бүлөлүк зомбулукка 61,6% пайыз жетишпеген үй-бүлө жана 38,4% пайыз жакшы жашаган үй-бүлө мүчөлөрү дуушар болушат. Финансы жагынан жетишпеген жана билим деңгээли төмөн үй-бүлөлөрдүн көйгөйү алкоголизм жана физикалык зомбулук менен байланыштуу. Ал эми билим деңгээли жогору бирок финансы жагынан жетишпеген үй-бүлөлөрдө көбүнчө экономикалык жана психологиялык зомбулук өрчүгөн. Финансы жактан кирешеси жогору үй-бүлөлөрдө зомбулук психологиялык, физикалык жана сексуалдык мааниге ээ.

Жубайы менен мамилеси начар аялдарга алардан кутулууга «балдарга ата керек», «үй-бүлө бузулбасын» деген коомдук стереотиптер дагы залалын тийгизет. Каада-салттан келип чыккан дагы башка коркунучтуу жаңылыштыктын бири – жабырлануучуну күнөөлөө, эгерде аял же эркек оңолуп, өзүлөрүн туура алып жүрсө жана бири бири менен сөз табышса, алардын мамилеси жакшырат деп өзүн-өзү алдоо.

Төмөндөгүдөй дагы бир фактор бар: көпкө созулган кысымдан, коркутуудан, уруп согуудан кийин «стокгольмдук» аттуу турмуштук синдром пайда болот. Психологиялык жактан коргонуу үчүн жабырлануучу өзүнүн жубайы менен эмоционалдык байланышты түзүп, анын койгон талаптарын кынтыксыз аткарса жана кылыктарын туура деп эсептегенге аракет кылса анын агрессору аны аяп калат дегенге ишенип баштайт.

Азыркы учурда Кыргызстанда үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан жабыр тарткандарга жардам берген мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар иштөөдө.

Үй-бүлөлүк зомбулук деген теманын өзүн жашырууну токтотушубуз керек. Ал үчүн биз, жабырлануучуларга, алар үй-бүлөлүк зомбулукту башынан өткөрүп жаткандыгы үчүн күнөөлүү эмес экендигин жана ал тууралуу уялышы керек эмес экендигин айтып түшүндүрүшүбүз керек. Маалымат берүү калктын ой-пикирин акырындап өзгөртүүгө жардам берет. **Үй-бүлөлүк зомбулуктун көрүнүштөрүнө укуктук система тийиштүү аракет кыла албай жаткан учурда** элге маалымат берүү калктын ой пикирин акырындап өзгөртүүгө жардам берет.

Российялык укук коргоочу Мария Мохова белгилеп кеткендей «**Мамлекет өзүнүн жарандарына алардын жубайларына карата «менин жубайым: кааласам сүйөм, кааласам өлтүрөм» эмес, анын адам жана биз жашаган коомдун бир мүчөсү экендигин жана ага зордук-зомбулук көрсөтүүгө жол берилбеш керектигин жана ал үчүн мыйзам алдында жооп бере тургандыгын билдирүү керек».**

# 1. МЕН НИКЕДЕ БАКТЫЛУУ БОЛГУМ КЕЛЕТ



Бул бөлүмдү төмөндөгү ыр саптары менен баштагыбыз келет. Анткени бардык көйгөйлөр никеге макулдугу жок, сүйүүсүз тургандан башталат.

Если мужчина не ваш –
Это не принц, а багаж.
Это обиды и гнев,
Это банальный припев…
Если мужчина не ваш –
Брак как мучительный стаж.
В паспорт любовь не придет,
Семьи не штамп создает…
Если мужчина не ваш –
Сердце ему не отдашь.
И не доверишь мечты
Это залог пустоты…

Если мужчина не ваш –
Он – как плохой макияж,
Смоется сразу в метель
С ним холодна и постель…
Если мужчина любим,
То не надышишься им,
Хочется душу открыть,
Лишь бы его сохранить…

Если мужчина любим –
Беды исчезнут как дым.
В сердце – любовь и покой,
Если любимый с тобой…
Если мужчина любим,
Значит, улыбка – не грим,
Счастье искрится в глазах,
Больше душа не в слезах…
Если мужчина любим,
То принимаешь любым,
Сразу тускнеет пейзаж,
Если мужчина не ваш…

*Автор: Ирина Самарина-Лабиринт*

**Ар бир адам идеалдуу бактылуу турмуш кура алат,** бактылуу адам бул бактылуу никеде жашап жатам деп ойлогон адам.

**Бакытты кимдир бирөө сага алып келип берет деп ойлобо.** Бакытты издөөдө кимдир бирөө сизди бактылуу кылат деп күтүү эң чоң жаңылыштык. Илгеркилер айткандай: «Достуктан бир нерсени талап кылыш үчүн, өзүң дос болушуң керек».

**Өзүңдүн бактылуу турмуш куруу үчүн мүмкүнчүлүктөрүңдү кара.** Бактылуу болуунун эң негизги жолу өзүңдүн жарыңды бактылуу кылуу. Негизинен, никеде жашоо менен достуктун жалпы максаттары жана милдеттерин алганда айырмасы аз эле, бир артыкчылыгы жыныстык катнашуу.

**Өзүңдүн жубайыңды ар дайым дос катары сез.** Жалпысынан, ага өзүңдүн эң жакшы досуңа жасагандай мамиле кыл. Досуң менен карым-катнашка убакытың жок болсо, андай достук көпкө созулбайт.

**Ар дайым бирге болгула.** Эгерде убакытты чогуу өткөрбөсөң, бири бириңди көрүп турбасаң, өзүң менен өзүң болуп эле жүрө берсең анда турмуш куруудан бакыт таппайсың.

**Эмоцияга алдырбагыла, жубайынызды күнөөлөбөңүз.** Биздин жүрүм -турумубуз биздин эмоциябызга көз каранды эмес. Эмоция көпчүлүк учурда бүт дүйнөгө нааразы болуу эмес, ал биздин ойлорубуздун жана кылган иштерибиздин натыйжасы дешет психологдор; бактылуу жашагыла, бактылуу ойлонгула, өзүңөрдү бактылуу сезгиле.

Жубайлардын ортосунда кээде эки бөлөк жашап туруш керек болгондой убакыт болот. Никеде жашоо кээде жубайларга стресс алып келет, ошондуктан жаман адатты же жаман маанайды этибарга албаш керек. Күйөөсүнө аялдын керек болгондо көңүл бурбай коё турган көп жолдору бар. Ошентсе да, эгер аял күйөөсүнө көпкө чейин таарынып, көңүл бурбай койсо, мындай жосун аял менен күйөөсүнүн карым-катнашына терс таасирин тийгизет. Эгер жубайлардын ортосунда чечилбеген көйгөй жаралса, таарынып, сүйлөшпөй жүрүп албай, аны экөөлөп, ынтымакташып чечүү керек.



## 2. ЭГЕРДЕ СИЗДИ АЛА КАЧЫП КЕТСЕ

2011-жылкы Кыргызстанда өткөрүлгөн иликтөөлөр (Р.Клейнбах, М.Аблезов жана М.Айтиев) 96% пайыз кыргыздар жашаган айылдарда, никеге тургандардын 80% пайызы ала качуунун негизинде болгондугун көрсөтөт. Никелешүүнүн 57% пайызы кыздын макулдугусуз түзүлгөн. Ала качып келинген кыздардын 22% пайызы өзүлөрүнүн жубайлары жөнүндө эч нерсе билишкен эмес. Ала качып келинген кыздардын 8% пайызы никелешүүдөн баш тартышкан.

Кыргызстан гендердик теңдикти өнүктүрүү боюнча бир нече эл аралык нормаларды ратификациялады. Аялдарга карата жасалган бардык кемсинтүүнүн түрлөрүн жоюу жөнүндөгү Конвенциянын 16-беренесинде көрсөтүлгөндөй, мамлекет аялдар менен эркектердин тең укуктуу болушун көзөмөлдөшү керек «эки тарап тең өз макулдуктары менен никеге туруусу зарыл». Бирок, мындай документтердин көптүгүнө карабастан, Кыргызстанда кыз ала качуу кеңири таралган, ал эми бул фактылар боюнча козголгон иштердин саны нөлгө барабар.

Көпчүлүк адамдар кыз ала качууну тарыхый каада-салт катары эсептешет. Бирок тарыхчылардын пикири башкача. Тарыхчы Сапарбек Наркеев кыргыздардын эч нерсеге алмаштыргыс «куда түшүү» деген салты бар экендигин белгилейт. Илгерки заманда жаш жигит кызды ата энесинин макулдугу менен үйүнө алып кетчү. «Кыз ала качуу» бай манаптардын учурунда пайда болгон. Анткени алар өзүлөрүнө жаккан татынакай кыздарды эч нерсеге карабай, күчкө салып алып кетишчү. Ал эми кызды бүткүл жүрөгү менен жакшы көргөн жаш жигит сүйгөн кызынан ажырап калуудан коркуп, сүйгөнү менен макулдашып качууга мажбур болгон. Республиканын өкмөтү мыйзамсыз кыз ала качуу аракеттерине бөгөт коюусу зарыл, анткени зордуктап ала качып кеткен кыздардын өзүн өзү өлтүрүүсүнүн саны жылдан жылга көбөйүп келе жатат. Айыл жерлерде турмушу бузулган кыздардын кайрадан турмушка чыгуу мүмкүнчүлүгү аз. Жаш жигиттин дагы турмушу бузулат анткени аял кетирген кишиге турмушка чыгуучу кыздар да аз.

Кыргызстанда кыз ала качуу адамды уурдап кетүүгө барабар деген мыйзам кабыл алынган. Буга карабастан бул мыйзамдын иштээрине күмөн санаган адамдар да жок эмес. CEDAW (Аялдарга карата кемсинтүүнүн бардык формаларын жокко чыгаруу Конвенциясы) Комитетинин көрсөтмөлөрүн аткаруунун алкагында Кыргыз өкмөтү кыз ала качуу үчүн жазаны күчөтүү боюнча мыйзамдын долбоорун кабыл алган, анда кыз ала качкандар 5-жылдан 7-жылга чейин эркинен ажыратылат.(КР КК 155 беренеси).

КР Үй-бүлө кодексинде 18 жашка чыккан гана жаран никеге тура алат деп белгиленген. 17 жашка чыга элек жаранды никеге турганга мажбурлагандыгы үчүн 5 жылга эркинен ажаратылат. 17 жашка чыга элек жаранды ала качып,

никеге турганга мажбурлагандыгы үчүн 5 жылдан 10 жылга чейин эркинен ажыратылат.

Кыргызстанда кыз ала качып, никеге турганга мажбурлагандык үчүн кылмыш жазасы каралганына карабастан кыз ала качуу боюнча мыйзамдын механизмдери начар иштейт. Көпчүлүк кылмышкерлер жазага тартылбай калып калышат. Иликтөөлөрдүн маалыматы боюнча Кыргызстанда күнүгө 30 кыз уурдалып, никеге турганга мажбур болушат. Бир жылда алардын саны 12 миңге жетет. Алардын ичинен 2 миң жаран зордук-зомбулукту башынан кечиришет. Практика жүзүндө болуп жаткандай, мамлекеттик никелешүү каттоосуна турбай эле никелешип алгандардын иши сотто каралбайт. Жубайлардын ортосунда эч кандай оокатка болгон укуктары жана милдеттери жок болгондуктан, бул жагдайда көбүнесе аял затынын укугу тебеленет. Балдардын болушу дагы оокат бөлүшүү чыр-чатагын оордоштурат.



## 3. ЭГЕРДЕ СИЗДИ КҮЙӨӨГӨ АБДАН ЭРТЕ БЕРСЕ, ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК

Жашы жете элек кыздар менен никелешүү балдардын укугун бузат жана жаш кыздардын өсүп-өнүгүүсүнө коркунуч туудурат. Эрте никелешүү, кыздардын эрте эне болуусу, энелердин жана балдардын өлүмүнө алып келет. Ал эми, бул, эненин курсактагы баланы көтөрүп жүрүүгө даяр эместигинин бирден бир себеби болуп эсептелинет. Жаш кыз-келин окуп жүргөн мектебин биротоло таштап, билим ала алышпай, кесипке ээ болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырашат. Мунун натыйжасында акча аз төлөнгөн жумуштарда иштөөгө мажбур болушат. Кыздын күйөөсүнүн үй-бүлөсү үчүн үйдө жана талаада унчукпай иштеген келиндин болгону жакшы. Ошентип, кыздарды жылдап уруп-согуп, кемсинтишет. Алардын келечеги аярлуу. Керек болсо күйөө каалаган кезде аялына «талак» берип, үй оокат менен бөлүшпөй, алимент дагы төлөбөй аны балдары менен кошо үйдөн кууп жибериши да мүмкүн. Ал эми бизге мындай көйгөй менен бирөө кайрылса биз ага эмне дей алабыз? Жашы жете электер менен баш кошкондор диний каада жасагандардын аркасы менен никесин кыйдырып алышып, мындай байланыш «нике» статусун алган. Ошондуктан жашы жете электерлердин тагдыры үчүн алардын ата-энеси, диний кызматкерлер жана жергиликтүү бирикмелер жоопкерчиликте болуш керек.

Кыздардын укугун коргоо максатында 2013-2017-жылдары Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүү боюнча Улуттук стратегиясы кабыл алынган. Ал балдарды коргоо боюнча мамлекеттик кепилдиктин принциптерине негизделген, эрте үйлөнүү же никеге турууну болтурбай коюу 2020-жылга чейинки КР улуттук стратегиясына киргизилген. («Здоровье-2020»)

Жашы жете электерге диний каада жасоого тыюу салуу каралган мыйзам долбоорун кыбыл алууну Кыргыз Республикасынын өкмөтү 2015-2017-жылдардагы гендердик теңдикке жетишүүнүн Иш планына киргизген да аны 20.11.2015 №786 Токтому менен бекиткен. Башкы координатору болуп Эмгек жана коомдук өнүгүү министрлиги эсептелинет. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган жашы жете элек кыздарга нике каада жасоого тыюу салган бул мыйзам долбоору – кыздардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо үчүн жасалган эң чоң позитивдүү кадам.

**Эрте никеге туруу** аял затынын ден соолугу жана өмүрүнө кркунуч туудурат. Кош бойлуу кезиндеги жана төрөт учурундагы оорулар 15-19 чейинки жаш келиндердин көпчүлүк учурдагы өлүмүнүн бирден бир себеби. Ушул куракта 20-30 жаштагы келиндерге караганда алардын төрөттөн каза тапкандардын саны эки эсеге көп. Ал эми 15 жашка чейинкилердики 5-7 эсе жогору. Булардын негизги себеби – жаш келиндердин физиологиялык жактан жетилбегени, алардын жамбаш сөөктөрү жана төрөтүүчү каналы дээрлик өрчүбөгөндүгү. Бул көрүнүш жаш келиндердин төрөтүн татаалдатат жана акушердик свищтин

пайда болуу коркунучун жогорулатат – 15 жашка чыга элек жаш келиндердин 80% пайызында кезигет.

Жашы жете элек кыздардын никеге туруусу алардын эле ден соолугуна зыян келтирбестен баланын да ден соолугун бузат. 18 жашка жете элек энелерге алардын балдарынын ай күнүнө жетпей же салмагына жетпей төрөлүү коркунучу 19 жаштан өткөн энелердикине караганда 35-55 % пайызга жогору, ал эми ымырыкайлардын өлүмү 60% пайызды түзөт. Жашы жете элек энелерден төрөлгөн балдардын иммунитети төмөн, алар көпчүлүк учурда туура эмес тамактангандан же курсагы жакшы тойбогондон жабыр тартышат.

Жашы жете элек кезинде никеге турган же жетишээрлик билими жок жубайлар коомдук жактан бөлүнүүгө жана үй-бүлөлүк зомбулукту көрүү коркунучуна жашы жеткен жана билимдүү келиндерге караганда көбүрөөк дуушар болушат. Көпчүлүк учурда үйлөнүү тойдон кийин күйөөсүнүн үйүнө көчүп барган жаш келин, ата-энесинен, теңтуштарынан алыстап, келген жеринен өз үйүндөгүдөй колдоо көрө албайт; кээ бир күйөөлөр аялдарын үйдөн кереги болбосо чыгарышпайт. Мындан тышкары, келиндин жубайынын үй-бүлөсү ага эң көп талаптарды коюшат, ал эми келин өзүнүн жаштыгынан күйөөсүнө эч нерсе деп айта албайт. Мындай абал, жаш келинди ар кандай психологиялык көйгөйлөргө жана депрессияга алып келиши мүмкүн.

Жубайлардын ортосундагы чоң жаш айырмачылыгы үй-бүлөлүк зомбулукту жасоого жакшы шарт түзөт. Мындай ден соолукка жана өмүргө коркунуч келтирген зомбулукка көпчүлүк учурда эрте никеге турган жаш келиндер дуушар болушат. Мындай зомбулук психологиялык жактан анча калыптана элек жаш келиндин бүт өмүрүнө, ден соолугуна балта чабат, депрессия болууга анан калса өзүн-өзү өлтүрүүгө алып келет.

Кыргызстанда эрте турмуш кургандардын саны кыскарбай келет**. Жылына кыздардын 13% пайызы жашы жете электе үй-бүлө курушат. Бул, жыл сайын 7 миңге жакын жаш кыздар турмушка чыгат дегенди билдирет.**

Көп учурларда ата-энелер балдарына куда түшүп койгондуктан, кыздар өзүлөрүнүн укуктарын укук коргоо органдары аркылуу коргой алышпайт. Алардын айтымында негизинен 16-17 жаштагы, 9-11-класстын окуучуларын уурдашат. Мунун бардыгы коомдук көйгөйгө айланат. Көпчүлүк эрте үйлөнгөндөрдүн акыры ажырашуу менен бүтүп жатканы жүрөк оорутат.

Балдардын укугун жана кызыкчылыгын бузууну алдын алуу жана балдарга карата жаман мамиле жана зомбулук көрсөткөн учурларда, телефон аркылуу кардарларга тез консультативдик-психологиялык жардам берүү максатында Эмгек жана коомдук өнүгүү министрлигинде балдардын -

**«111» ишеним телефонунун борбору иштеп жатат.**

## 4. ЭГЕРДЕ СИЗДИН ҮЙ-БҮЛӨДӨ СИЗДИ САБАП, КЕМСИНТСЕ

Үй-бүлөлүк зомбулук дүйнө жүзүнүн дээрлик бардык өлкөлөрүндө болуп туруучу көйгөйлөрдүн бири. Үй-бүлөлүк зомбулук бул сан жагынан көбөйүп туруучу физикалык, сексуалдык, айтышуу, эмоционалдык жана экономикалык жактан жакындарын коркутуу, контролдоо максатында жасалган кемсинтүүнүн цикли. Булар «үй-бүлөлүк зомбулукту» «чыр-чатактан» айырмалап туруучу негизги көрсөткүчтөр.Чыр-чатактын адатта бүтүү чеги бар, ал эми зомбулук өзүнүн кайталанып туруусу менен түшүндүрүлөт. Чыр-чатактын негизинде чечиле турган кандайдыр бир көйгөй жатат. Үй-бүлөлүк зомбулукта бир адам экинчи адамды күч колдонуу менен контролдук кылат. Бул болсо адамды психологиялык же болбосо физикалык травмага алып келет. **Үй-бүлөлүк зомбулуктун адамды психологиялык жактан жабырлануучу дагы бир өзгөчөлүгү бул жабыркоочу жана күч колдонгон адамдар – жакын адамдар болгону.**

**Ошол эле кезде көп сандаган зомбулуктун учурлары катталбайт, анткени, көпчүлүк аялдар өзүн таарынткан адамдар менен элдешип алышат, же болбосо официалдуу органдарга доо арыз менен кайрылбастан, маселени чечүүнүн башка жолун издешет. Ушуга байланыштуу көпчүлүк зомбулук көрсөткөндөр тиешелүү жазасын алышпайт.**

Үй-бүлөлүк зомбулук бул сан жагынан көбөйүп туруучу физикалык, сексуалдык, айтышуу, эмоционалдык жана экономикалык жактан жакындарын коркутуу, контролдоо максатында жасалган кемсинтүүнүн цикли. Үй бүлөлүк зомбулукта бир адам экинчи адамды күч колдонуу менен контролдойт. Үй үлөлүк зомбулуктун ичинде дагы бирөөнү сабаган адам менен жабыр тарткан адамдын ортосундагы карым-катнаштын жашоо турмуш жаратылышы менен белгиленүүчү атайын категориялар бар.

**Үй бүлөлүк зомбулуктун түрлөрү:**

- балдарга катуу мамиле жасоо;
- жубайына же партнеруна карата жасалган зомбулук;
- кары-картаңдарга карата жасалган зомбулук.

Зомбулук адамдын тапкан кирешесинин көлөмүнө, билимине, коомдогу ордуна карабастан, бардык социалдык группаларда кездешет.

«Зомбулуктан жабыр тарткандарга жардам берүүнүн практикалык усулдары» брощюрасынан (Америкалык юристтердин Борбордук жана Чыгыш Европа өлкөлөрү үчун укуктук демөөрчүлүк программасы боюнча):

**Үй-бүлөдөгү зомбулуктун белгилери:**

- Эгерде адам бирөөгө кол көтөрсө, адатта ал аны кайталайт жана улам барган сайын анын кылыгы катаалдана баштайт.

- Зомбулук менен кордоо көрсөткөн адам кайра-кайра оңолорун айтып сөз бере берет.
- Кордук көрсөткөн адам менен жашоону токтотуу жөнүндө билдирген учур жабырлануучу үчүн коркунучтуу.

## КОРДУК КӨРГӨН АЯЛДАРДЫН КОРКУНУЧУ...

Милиция келип алып кетип, камап койсо да аялдын өзүн коргоого жол жок. Эгерде милицияга билдирсе, ал аялдын жакшы көргөн адамдарына же нерселерине залакасын тийгизет (балдарга, үй жаныбарларына). Ошондуктан алардын бейкапар жашоосу үчүн ал өзүн курмандыкка чалат.

## ЭМНЕНИ КЫЛЫШ КЕРЕК ЖАНА ЭМНЕНИ КЫЛБАШ КЕРЕК?

1. Өзүңүздүн сезимиңизди ЖАШЫРБАҢЫЗ.

   Эмоцияңызды көрсөтүп, досторуңузга анын кылыктарын талкуулоого өзүңүзгө мүмкүнчүлүк бериңиз.
2. Болгон нерсени айткандан ТАРТЫНБАҢЫЗ. Өзүңүздүн көргөн-билгендериңизди өзүңүзчө же башка бирөөлөр менен кайра карап чыккандан жадабаңыз. Сизди колдоп жүргөн адамдар менен бирге болууга аракет кылыңыз.
3. Башкалар сизге мүмкүнчүлүк берип жатканда, өзүңүздү сиздин уялуу сезимиңиз токтотконго мүмкүндүк БЕРБЕҢИЗ.
4. Эскерүүлөр өзүнөн өзү эле кетип калат деп ойлобоңуз. Жаман сезимдер сиз менен калат жана көпкө дейре сизди кыжалат кылат.
5. Уктаганга, эс алганга, жакын адамдарыңыз жана балдарыңыз менен ой жүгүрткөнгө убакыт табыңыз.
6. Каалоолоруңузду балдарыңызга же жакын жолдошторуңузга түз, так, чын айтыңыз.
7. Жашоо турмушта өзүңүздү мүмкүн болушунча кадимкидей кармаганга аракет кылыңыз.
8. Балдарыңызга жана башкаларга өз каалагандарын сүйлөгөнгө мүмкүнчүлүк бериңиз.

## ЗОМБУЛУК КҮЧ АЛГАН УЧУРДАГЫ КОРКУНУЧ!

**Бардык ишке барган адам:** Эрерде зомбулук көрсөткөн адамыңыз менен карым-катнашты үзүүнү ойлосоңуз, ошол учурда ал адам сизге мурункудан дагы катаал мамиле жасашы мүмкүн. Кордогонду каалаган таш боор адамдар карым-катнаштын бузулушун туура кабыл алышпайт да алар үчүн баары бир деп ойлошот. Мындай ой менен алар өзүлөрүн контролдобой иш кылышып, башкаларга коркунуч туудурушат.

**Киши өлтүрүүгө жөндөмдүү адамдардын белгилери:**

**Адамга жармашып алуу:** Алар өтө кызганыч адамдар. Алар сизди башка бирөө менен байланышыңыз бар деп күнөөлөшөт. Алар сизди кайтарыш үчүн жумушун таштап же жумуш графигин өзгөртүшөт.

**Аңдуу:** Алар ар дайым телефон чалып сизди текшерип турушат. Сиздин артыңыздан аңдышат же досторун сиздин кайда жүргөнүңүздү билип бер деп суранышат.

**Өзүн өлтүрүү:** Эгерде таштап кетсең «Мага сенсиз жашоонун кереги жок», өзүмдү өлтүрөм деп коркутушат.

**Өлтүрөм деп коркутуу:** Алар сизди өлтүрөм деп коркутушат. Алар «Эгер меники болбосоң, эч кимдики болбойсуң» деп айтышат.

**Жыныстык жактан кордоо:** Жыныстык катнашуу учурунда катаал мамиле жасашат.

**Мылтык:** Алардын мылтыгы бар болот же аны кайдан табышты билет. Алар сизди мылтык менен коркутушкан.

**Алкогол ичимдиктери\ баңги заттары**: Алар алкогол ичимдиктерин ичишет же баңги заттарын колдонушат. Алар ичкилик ичип же баңги заттарын колдонуп алышып, эмне кылганын билбей калдык дешет.

**ӨЗҮН-ӨЗҮ КОРГООНУН ПЛАНЫ:**

- Чыр-чатакты болтурбай койгонго мүмкүн болбосо, жубайыңызды өзүңүз оңой качып кете турган бөлмөгө жайгаштырыңыз.
- Чыр-чатак башталганда жунуучу, тамак бышыруучу бөлмөдөн башка жакка кеткиле.
- Үйдөн тез чыгып кетүүгө аракет кылгыла. Кайсы эшиктен, терезеден, лифт менен чыгып кетүүнү белгилеп койгула.
- Кошуналарыңарга батирден кыйкырык угулганда милицияга кабарлап койгула деп сүйлөшүп алгыла.
- Батирдин, машинанын ачкычтарын коркунуч туулган кезде үйдөн тез чыгып кетүү үчүн катып койгула.
- Белгилүү жерге акча, телефондун номерлери жазылган китепче, паспорт, балдардын документтери жана башка керектүү кагаздарды, балдардын бир аз кийимин жана дары-дармекти даярдап койгула.
- Теңтуштарыңыз жана туугандарыңыз менен коркунуч туулган учурда баш паанек кылчу жер жөнүндө алдын ала сүйлөшүп коюш керек.
- Сизди таап ала тургандай болгон бардык мүмкүнчүлүктөрдү жоготконго аракет кылыш керек (жазуу китепчелерин, үйдүн дареги бар конверттерди ж.б.у.с.).
- Сизге керектүү жардам бере ала турган жергиликтүү органдардын дарегин билип алуу керек.

- Кайсы баалуу буюмдарды алуу керектигин чечип алыңыз. Тартыш болгон учурда дайыма аларды сатып же күрөөгө калтырса болот.

Эгерде абал абдан оор болсо, эч нерсеге карабай үйдөн чыгып кетиш керек. Сиздин өмүрүңүз коркунучта экенин УНУТПАҢЫЗ! Аялдардын эч кимден өз алдынча жардам сурабаганынын психологиялык жактан түшүндүрмөсү бар.

## 5. ЗОРДУК-ЗОМБУЛУККА КАБЫЛГАН БАЛА ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТЫ БАР АДАМДЫН АРАКЕТТЕРИ ТУУРАЛУУ КЫСКАЧА БИЛДИРҮҮ

**Ылайык:**

КР балдар жөнүндө Кодексине, КР кылмыш жаза Кодексине, КР административдик жоопкерчилик тууралуу Кодексине, КР «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо» мыйзамына, КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнунун № 391-токтому менен бекитилген «Оор турмушта жашап жаткан үй-бүлөлөрдү жана балдарды дарегинин табуу жөнүндө жобо» 59-66-пункттар.

Балага зомбулук (зомбулук, үй-бүлөлүк зомбулук) көрсөтүлүп жаткандыгын билген адам ал бала жөнүндө тез арада укук коргоо органдарына же балдарды коргоо боюнча иш алып барган аймактык бөлүмгө кабарлоосу керек. Мындай балага көрсөтүлүп жаткан зомбулук тууралуу маалыматты алары менен балдарды коргоо боюнча иш алып барган аймактык бөлүмдүн кызматкери ички иштер бөлүмүнүн кызматкери менен бирдикте тез арада зомбулук болгонун тактоо максатында баланын жашаган жерине барып, баланын жана анын үй-бүлөсүнүн көйгөйлөрүнө ар тараптан баа берип келүүсү зарыл. Эгерде ал жашаган үй-бүлөдө же мекемеде баланын өмүрүнө жана ден соолугуна (физикалык, психологиялык, сексуалдык зомбулук, кор кармоо же баланы иштетип, күчүн алуу) коркунуч туулуп жатса, балдарды коргоо боюнча иш алып барган аймактык бөлүмдүн кызматкери ички иштер бөлүмүнүн кызматкери менен бирдикте баланы үй-бүлөдөн же жашаган балдар мекемесинен жарандык күбөлөрдүн көзүнчө баланы алып кетүү жөнүндө актыны жазып, үйдөн алып чыгып кетүү керек.

**Ички иштер бөлүмдөрү:**

- ички иштер бөлүмүнүн кызматкери түз эле бала бар, анын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туулуп жатат деген негиз бар болгон жарандардын үйүнө же алар жашаган аймакка түз эле кирип барып, зомбулукту болтурбай койгонго аракет жасашы керек;
- балага карата зомбулук көрсөткөн адамдарды административдик же кылмыш жоопкерчилигине тартуу аракеттерин жасоо керек эгерде алардын жосуну КР Кылмыш жаза Кодексине же административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодекске ылайык келсе;
- Үй-бүлөлүк зомбулук жасалган учурда КР “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо” жөнүндө мыйзамга ылайык жаза колдонуш керек. Мисалы: кайтаруу ордерин берүү, баланы коопсуз жерге жайгаштыруу, башка коопсуз жайга алып баруу ж.б.у.с. ;
- Баланын коомдук-коркунучтуу абалда экендиги байкалганда анын ата-энесин же ата-энесинин ордундагы адамдарды профилактикалык мүнөздөгү

иштерди жүргүзүү максатында ички иштер бөлүмүнө профилактикалык каттоого алуу керек;

- Балага терс таасирин тийгизип жаткан ата-энеси же ата-энесинин ордундагы адамдар менен жекече профилактикалык иштерди жүргүзүшөт, балдардын укугун жана кызыкчылыгын көздөө боюнча иштерди алып барышат;
- коомдук-коркунучтуу абалда турган балдардын жана ички иштер бөлүмүндө каттоодо турган үй-бүлөлөрдүн базадагы тизмесине киргизишет.

**Балдарды сактоо жана коргоого жоопту аймактык бөлүмдөргө** балага физикалык, психологиялык зомбулуктун болуп жаткандыгы же баланын негизги талаптарын аткарбагандык жөнүндө билинсе:

- зомбулуктан коргоонун бардык формалары боюнча баланын укугун ишке ашырышат;
- баланын ата-энесин же ата-энесинин ордундагы адамдар менен зомбулуктун жана баланын өсүп өнүгүшү үчүн негизги талаптардын аткарылбагандыгынын кесепети тууралуу маектешүү керек;
- баланын ата-энесине же ата-энесинин ордундагы адамдарга алардын балага болгон жоопкерчилиги тууралуу маалымдайт жана балага зомбулук көрсөтүлбөш керек экендиги жөнүндө жазуу түрүндө эскертүү беришет;
- үй-бүлөнүн ички иштер бөлүмүнө профилактикалык каттоого алынуусун суранышат да үй-бүлөдө болуп жаткан өзгөрүүлөрдү текшерип турушат;

*(Юридикалык жарандардын бирикмесинин юристи Медетов Мирлан, «КР балдардын укугун жана кызыкчылыгын өркүндөтүү боюнча Коммерциялык эмес уюмдардын Ассоциациясы»)*



## 6. ЭГЕРДЕ СИЗ АЖЫРАШУУНУ ЧЕЧСЕҢИЗ

Коомдук бирикме «Абийир Эл» «Түп районундагы үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу» деген долбоордун алкагында төмөндөгү тез-тез кезигүүчү суроолордун бетин ачты:

**1. Жубайы тарабынан денеси жабыркагандан кийин өзүн жана балдарын кантип коргоп калуу керек?**

Келин үй-бүлөсүн жана балдарын ички иштер бөлүмүнө, шаардык ички иштер бөлүмүнө же жашаган жериндеги участканын милициясына кайрылса коргоп кала алат. Болгон иш жөнүндө участканын милициясына доо арыз жазса ал ага үй-бүлөнүн тынчын алган адам 10 күнгө чейин ал үйгө жакындабай тургандыгын тастыктаган кайтаруу ордерин жазып берет.

**2. Ажырашуу процессине тиешелүү кагаздарды кантип даярдаш керек?**

Ажырашуу үчүн төмөндөгү документтердин тизмегин даярдоо зарыл: жашаган жеринен тастыктама, балдарга ҮДТдан тастыктама, үйлөнгөндүгү тууралуу күбөлүк, балдардын туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү, мамлекеттик салыкты төлөгөндүгүн тастыктаган банктан кагаз. Мыйзам нормаларын, ажырашууда мыйзам тарабынан көрсөтүлгөн талаптарды (балдардын жашай турган жерин аныктоо, биргелешип тапкан мүлктү бөлүшүү) көрсөтүп участкалык милиция бөлүмүнө доо арыз менен кайрылуу керек. Тиркелген документтерди сотко тапшыруу керек.

**3. Биргелешип тапкан мүлктү ажырашкандан кийин бөлүшсө болобу?**

Биргелешип тапкан мүлктү жубайлар ажырашкандан кийин 3 жыл арасында бөлүшө алышат.

**4. Жашы жете элек балдардын жашай турган жерин аныктоо.**

КР Үй-бүлө Кодексинин нормаларына ылайык жашы жете элек балдарды жубайлардын бирөөнө анын кирешесине, жашаган жери бар болсо, мүнөздөмөсүнө карай калтырса болот. Сотко мыйзам нормаларын көрсөтүп арыз менен кайрылуу керек.

**5. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен адам эң биринчи кайда кайрылыш керек?**

Биринчиден ички иштер бөлүмүнө кайрылуу зарыл, андан кийин социалдык коргоо бөлүмүнө, Кризистик борборго, жана башка төмөндө дареги көрсөтүлгөн мекемелерге.

## 7. СИЗДИ ЭМНЕ КОРГОП КАЛАТ БИЛЕСИЗБИ? (СИЗДИ КОРГОП КАЛУУЧУ МЫЙЗАМДАР):

### 1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы

#### 36-берене

Нике курагына жеткен адамдар никеге турууга жана үй-бүлө күтүүгө укуктуу. Бир дагы нике никеге туруучу адамдардын ыктыярдуу, эки тараптуу макулдугусуз түзүлбөөгө тийиш. Нике мамлекет тарабынан каттоого алынат.

### 2. КР Кылмыш жаза Кодекси (КР КК 155-беренеси)



Мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан 2012-жылдын 20-декабрда үчүнчү окуудан кийин кабыл алынган. Документ тарабынан КР Кылмыш жаза Кодексине кыз ала качуунун жазасын күчөтүү максатында өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Ал он жети жашка толо элек адамды иш жүзүндө никелик мамилелерге өтүү үчүн ала качуу жана ошондой эле аялдардын каалоосу менен никеге туруусун, бул адамдарды ала качып, никеге турууга мажбурлагандагы үчүн кылмыш жазаны күчөтүү максатында киргизилген. Көрсөтүлгөн максаттарды ишке ашыруу үчүн төмөндөгүлөр каралат: КК 154 беренесинин 2-бөлүмүндөгү санкцияны минималдык жаза мөөнөтүн – үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөө ал эми максималдык жаза беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу каралган. Ошондой эле КР КК 154-беренесинин эки бөлүккө бөлүнүшү, экинчи бөлүмүндө кылмыштын даана көсөтүлүүсү “Он жети жашка толо элек адамды иш жүзүндө никелик мамилелерге өтүү үчүн ала качуу” жана жазаны “беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу” деп күчөтүү.

### 3. КР мыйзамы «Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан коргоо жана сактоо»

КР “Ички иштер органдары жөнүндө” мыйзамынын 8-беренесинде үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан сактоо жана колдоо боюнча кызматкерлердин милдеттерине кошумчалар киргизилген. Алар: коргоо ордерлердин берилиши жана узартылышы жана шарттарды аткарууну контролго алуу.

КР “ КР Укук бузууларды жекече алдын алуу чараларын колдонуунун негиздери” мыйзамынын 20-беренесинде үй-бүлөлүк зомбулук жасагандарга жана кайтаруу ордерин алгандарга карата жекече-алдын алуу иштерин жүргүзүү боюнча чаралар каралган.

КР “Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу” жөнүндө мыйзамында жергиликтүү маанидеги маселелер үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашыруу менен толукталат.

Мыйзамдын 3 -бөлүгүндө үй-бүлөлүк зордук-зомбулукту алдын алуу боюнча иш-аракеттер көрсөтүлгөн.

Мыйзамдын 26-беренеси кайтаруу ордерлердин берилишинин түшүндүрмөлөрүн карайт. 1-бөлүмгө ылайык кайтаруу ордерлердин берилишинин негизи кимдир бирөөнүн үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жөнүндө ички иштер органдарына билдирүүсү болуш керек.

Кайтаруу ордери сөзсүз үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жасаган адам ошол үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жасалган учурдун 24 саат аралыгында анын жашаган жериндеги ички иштер органдары тарабынан 3 күндүк мөөнөткө берилет. Кайтаруу ордеринин максаты:

1) үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жасаганга тыйуу салынат;

2) үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан жапа чеккен адам менен түз дага кыйыр дагы байланышпоо.

**4. Жашы жете электер менен никеге туруугa тыюу салуучу мыйзам.**

2016-жылдын 18-ноябрында, КР Президенти Алмазбек Атамбаев КР мыйзамына “КР кээ бир мыйзам актыларына өзгөртүү киргизүү (КР Үй-бүлө жөнүндөгү Кодексине, КР КК)”. Бул жөнүндө өкмөттүн Аппарат башчысы маалымдады.

Бул мыйзамга ылайык никеге туруу боюнча диний каада жасалган адамдын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар), никеге туруу боюнча диний каада жасаган адам ошого тете жашы жетпеген менен никеге туруу боюнча диний каада жасалган жашы жеткен адамга кылмыш жазасы киргизилет, эгерде нике жашы жөнүндө Үй-бүлө жөнүндө Кодекстин талаптары бузулган болсо.

Мындай учурларда КР КК жана Үй-бүлө Кодексине өзгөртүүлөр киргизилет.

Үй-бүлө Кодексинин 14-беренеси 3-бөлүк менен толукталат, ага ылайык бул нике жашы тууралуу Кодекстин талаптарын бузгандыгы үчүн КР мыйзамында көрсөтүлгөндөй жоопко тартылат.

КР КК 155-1 беренеси менен толукталат. Анда мындай жазылган: Нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу менен ага карата никеге туруу боюнча

диний каада жасалган адамдын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар), никеге туруу боюнча диний каада жасаган адам, ошого тете жашы жетпеген менен никеге туруу боюнча диний каада жасалган жашы жеткен адам - үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.



# 8. СИЗДИ КИМ КОРГОП КАЛАТ

## (Зордук-зомбулукка дуушар болгон кардарларга жардам көрсөткөн мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын дареги)

Үй-бүлөлүк зомбулукту изилдеген көпчүлүк авторлор бир бүтүмгө келишет, анткени ал коомдук жана маданий нормаларынын натыйжасы болуп эсептелинет.

Жергиликтүү аткаруу органдары, ички иштер органдары, билим берүү мекемелери, эмгек, жумушка орноштуруу жана коомдук коргоо жана башка мекемелер бирдикте үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча маалымат жайылтуу иштерин, үй-бүлөдөгү зомбулуктун алдын алуу боюнча иш алып барган специалисттерди даярдоо жана кайра даярдоо, билимин жогорулатуу боюнча иш жүргүзүүлөрү зарыл. Бирок, бул иштер бардык жерлерде эле жасала бербейт.

Бизде үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендерди коргоо боюнча иш алып барган мекемелер бар. Сиздер оор учурларда аларга кайрылсаңыздар болот. Жашыруун сырды сактоого кепилдик беребиз.

| № | Мекеменин аты | Дареги | Телефондун номери | Электрондук дарек |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Каракол шаардык ички иштер бөлүмү | Каракол шаары, Туманов көчөсү - 51 | 102 | - |
| 2. | Милициянын участкалык бөлүмү (областын ар бир шаары, айылы) | областын ар бир шаары, айылы | Жашаган жери боюнча | - |
| 2. | Каракол шаардык коомдук өнүктүрүү бөлүмү | Каракол шаары, Жамансариев көчөсү - 163 | 03922 52619<br>03922 52594 | - |
| 3. | Райондук, шаардык ички иштер бөлүмдөрү | Райондук, шаардык ички иштер бөлүмдөрү | Жашаган жери боюнча | - |
| 4. | Коомдук башкаруу бөлүмү (областын ар бир шаары, айылы) | Каракол шаары Жамансариев көчөсү - 152 | Жашаган жери боюнча | - |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5. | Жашы жете элек балдар менен иштөө бөлүмү(областын ар бир шаары, айылы) | Райондук, шаардык борборлор | Жашаган жери боюнча | - |
| 6. | Бардык райондук акимиаттардагы коомдук бөлүмдөр | Райондук администрациялар | Жашаган жери боюнча | - |
| 7. | Социалдык педагогдор (областтын бардык мектептеринин) | Бардык айылдардын орто мектептери | Жашаган жери боюнча | - |
| 8. | Квартальныйлар, соцжумушчулар айыл өкмөтү (бардык айылдардын) | Областтын бардык айылдары жана шаарлары | Жашаган жери боюнча | - |

| № | Коомдук бирикмелердин аты | Дареги | Телефондун номери | Электрондук дарек |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Ысык-Көл аялдар бirimдигинин ассоциациясы | Каракол шаары, Ленин көчөсү - 152 | 0778013216 | ainash77@mail.ru |
| 2. | Каракол шаарынын гендердик борбору | Каракол шаары, Ленин көчөсү - 154 | 0778813139 | damira.ivanova.08@mail.ru |
| 3. | «Шоола Көл» коомдук бирикмеси | Тоң району Боконбаев айылы | 0777970970 | shoola_kol@mail.ru |
| 3. | ИОП НОКП КР «Кызыл ай» коомдук бирикмеси | Каракол шаары, Жамансариев көчөсү - 152 | 0773600097 | issykkul@redcrescent.kg |
| 4. | «Аруужан Каракол» коомдук бирикмеси | Каракол шаары | 0778009932 | kut_nurgul@list.ru |
| 5. | «Аялзат – аялдардын демөөрчүлүгүн колдоо» | Каракол шаары | 0553835717 | ayalzatdarika@mail.ru |
| 6. | «Вентус» коомдук бирикмеси | Каракол шаары | 0557238463 | kamil.ruziev@gmail.com |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8. | «Абийир Эл» коомдук бирикмеси | Каракол шаары | 0556928778 | v.sydykova@gmail.com |
| 9. | Лидия Фомина атындагы коомдук фонд | Каракол шаары | 0555627842 | dilnur.53@mail.ru |
| 10. | Бардык айылдардын жана шаарлардын Аялдар кеңеши | Айылдар жана шаарлар | Жашаган жери боюнча | - |
| 11. | Бардык айылдар менен шаарлардын Аксакалдар соту | Айылдар жана шаарлар | Жашаган жери боюнча | - |
| 12 | Балдарды коргоо борбору | Каракол шаары | Каракол шаары - Жамансариев көчөсү - 163 | cpdtirek@mail.ru |

# ЖЫЙЫНТЫК

Тереңге тамырланган стереотип боюнча бузулган турмушу үчүн аялдар өзүлөрүн күнөөлүү сезишип, өзүлөрүн сабаган балдарынын атасын сотко бергендиги үчүн айылдаштарынын айың-кебинен коркуп, сотко арыз менен кайрылышпайт. Укук коргоо органдарынын жана аялдар үчүн түзүлгөн кризистик борборлордун маалыматы боюнча үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун фактысы боюнча берилген арыздардын 75-90% пайызы соттун чечими чыга электе эле жабыркалынуучулар тарабынан кайра кайтарылып алынат.

Мындай иштер зордук-зомбулуктун көмүскөдө калуусуна алып келет жана анын кесепетинен үй-бүлөлүк зордук-зомбулук мамлекеттин кийлигишүүсүн талап кылган көйгөй болбой, ар бир үй-бүлөнүн «өздүк иши» болуп калат.

Мындан тышкары, аялдарга карата болгон үй-бүлөлүк зордук-зомбулук бул ар бир үй-бүлөнүн «өздүк иши» эмес, ал, адамдын укугун бузуунун бир түрү экендигин коомдун аң сезимине жеткирүү зарыл.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда укуктук нормалар кыргыз элинин мурунку жана азыркы каада-салтын толук чагылдырбайт. Бул азыркы мыйзам ченемдүүлүктү укуктук улут өзгөчөлүктөрүнөн алыстатат, демек дайыма эле эффективдүү эмес, анткени элдин ою боюнча кээ бир башкаруу жана соттук чечимдер акыйкатсыздык менен кабыл алынат.

КР 2016-2020-жылдардагы калктын укуктук маданиятынын өнүгүшүнүн концепциясы КР өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-мартынын №122-токтому менен бекитилген. Ал укуктук даярдыкты жана ишеним системаларынын болгондугун карап, калктын укуктук ой жүгүртүүсүн жана укуктук маданиятынын жетишкендигине максатталган. Ал укук таануу, алардын эрежелерин туура пайдалануу керектигин түшүнүү, укукту ишке ашыруу көндүмдөрүнө ээ болуу.

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

**КР ЮМ –** КР юстиция министрлиги

**КР БИМ –** КР Билим жана илим министрлиги

**КЭУ –** Коммерциялык эмес уюмдар

**ЫАБА –** Ысык-Көл аялдар биримдигинин Ассоциациясы

**КГБ –** Каракол шаардык гендердик борбор

**КБ –** Коомдук бирикме

**ҮДТ –** Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу

**КР –** Кыргыз Республикасы

**ИИБ –** Ички иштер бөлүмү

**ШИИБ –** Шаардык ички иштер бөлүмү

**РИИБ –** Райондук ички иштер бөлүмү